# МАЙДАН ТЕМАСЫНДАГЫ ПОЭМАЛАРДЫ ОКУТУУНУ ИННОВАЦИЯЛОО

**ДӨӨЛӨТБАКОВА Р.Ж.**

*Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК 3713:894341**

Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды салттуу окутуу менен бирге заманбап технологияларга ылайык окутуунун зарылдыктары коомдун өнүгүүсү, жалпы адамзатты кучагына алып бара жаткан ааламдашуу процесси, андагы илимий-техникалык жана технологиялык: спутниктик байланыштар, интернет, интернет сайт, электрондук почта, уюлдук, электрондук окуу китеби, уюлдук, кабелдик көрсөтүү, модем, модем-факс, телефакс ж.б. ж.б таасиринде илим-билимдин жаңы баскычка көтөрүлүүсүнө байланыштуу окутуунун илимий-дидактикалык принциптерин талапка ылайык бөлүп көрсөтүү жана сабактын жаңычыл формаларын, методдорун, ык-жолдорун мазмундук жактан инновациялоодо компетенттүүлүктүкалыптандыруу милдети турат.Майдан темасындагы Ж.Бөкөнбаевдин “Ажал менен Ар-Намыс”, Ж.Турусбековдун “Каракчынын трагедиясы”, А. Осмоновдун “Ким болду экен?”, “Эшимкандын тереги”, “Өлүп тирилгендер” аттуу поэмалардын мазмуну аркылуу берилчү этикалык, адеп-ахлактык түшүнүктөрдү турмуш менен байланыштырып түшүндүрүү жана анын көркөмдүк өзгөчөлүгүн, эстетикалык баалуулугун окуучулар өздөрү жашап жаткан чөйрөгө байланыштырып табууга жетишүү аракети сабакты интерактивдүү ыкмалар менен коммуникативдүү окутууну талап кылат. Мугалимдин интерактивдүү жөндөмдүүлүгү, билим берүүнүн контекстинен алганда *социалдык, маданий, өзөктүү компетенттүүлүктү* калыптандыруучу, инсан аралык байланыштарды жөнгө салуучу ишмердүүлүк да болуп эсептелет.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү орто мектептеринде колдонулуп жаткан Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мыйзамдуу бекитилген окуу программалардын негизинде окутулуучу сабактар аркылуу ийгиликтүү натыйжаларга жетүү үчүн сабактын формасын гана жаңылабастан, ар бир сабактын мазмунун да *инновациялоо* зарыл. “Инновация” – (латын тилинен ***ин***: “ичинен”, “өзүнөн” ***новация***: “жаңылануу”, “өзгөрүү”) эки сөздөн турган өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу) дегенди билдирет. Бул илимий адабиятта кээ бир процессти жүргүзүүнүн жаңыча жолу катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан инновация аркылуу кайсы бир системада бир сапаттык абалдан, экинчи бир сапаттык абалга өтүү процесси жүрөт десек туура болот. Демек “инновациялык” процесс деген жаңычылдыкты жаратуучу, түзүүчү (иштеп чыгуучу), өздөштүрүүчү, колдонуучу жана жайылтуучу комплексттүү ишке аракеттенүүнү өзүнө камтыйт [6, 6.].Мезгилдин өтүшү, акырындап элдин жаңылыктарга багыт алуусу менен алга жылуусу бул терминдин маанисин кеңейткен да, аталган түшүнүк илимдин бардык тармактарында колдонула баштаган.

Билим берүүдөгү инновациялык иштер - педагогикалык процесстин стилин, максатын, окутуунун түрлөрү менен мазмунун, окуу- таанып билүү процессин өзгөртүү, баалоо жана көзөмөлдөө системасына окуу-методикалык багытта жаңылыктарды киргизүү, окуу программалары менен окуу пландарын жүзүнө ашырууда жаңычыл иш чараларды сунуштоону милдеттенет.Инновациялык окутуу иштери сабак учурунда колдонгон айрым бир ыкмалар, жаңы түшүнүктөр менен аныкталбайт. Анда сөзсүз доордун өнүгүшүнө, замандын прогрессчил көз караштагы заманбап кызыкчылыктарына туура келе турган максаттары менен милдеттери болууга тийиш. Заманбап кызыкчылыктар мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү окуучунун өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө, алган билимине таянып, жеке көндүмдөргө ээ болушуна, билгичтиктерге жетишүүгө карата окуучуга шарт түзүп берүүчү, сабакта турмуштун ар кандай оор кырдаалдарынан чыгуунун жолун үйрөтө алуучу устаттыкта иштөө принциптерин талап кылат. Окуу процессин элестете алган адамга азыркы окутуу иштерине коюлган инновациялык жаңылануу өзүнөн-өзү, даана көрүнүп турат, бир мезгилде сабактын

толук «кожоюну» жогоруда аталган заманбап кызыкчылыктар менен аргасыз келишүүгө тийиш.Окутуунун мазмуну менен формасы бирдей инновацияга ээ болуш керек.

Инновация – окутуу процессинин ичтен жаӊылануусу, предметти окутуу методдорунун, ыкмаларынын, каражаттарынын, системаларынын, окутуу технологияларынын ички мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу, бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык кайра иштеп чыгуу. Окуучу окуу процессине жөн гана катышуучу болбостон, практикалык жактан турмуш менен тыгыз байланышта турган көндүмдөргө ээ болуусу зарыл.Сынчы, окумуштуу С. Байгазиев: «Билим берүү процессин демократиялаштыруунун, гумандаштыруунун, адамкерчиликтештирүүнүн муктаждыктары, инсанга багыттап окутуу сыяктуу жаңы педагогикалык багыттын мүдөөлөрү окутуу практикасында жаңы инновациялык методдорду колдонуу өктөм зарылдык катары алдыңкы планга чыкты. Өзгөрүп жаткан жаңы шарттардын талабын мурда активдүү түрдө пайдаланып келген кээ бир традициялык ыкмалар, методдор (маселен, репродуктивдик метод) көп жагынан ылайык келбей калды. Окутуу процессин башкаруунун, уюштуруунун административдик-командалык ыкмалар жаңы социалдык-педагогикалык кырдаалга карата алганда, өзүнүн ийкемсиздигин айкындап койду. Демократиялык өзгөрүүлөрдүн шарапаты менен жергиликтүү педагогикалык кыртышыбызга келип конуштаган өйдөдөгү инсанга багыттап окутуу концепциясы өзүнүн өзөк идеяларын турмушка ашырууга ийкемдүү кызмат кылып бере турган бөлөкчө технологияны издөөгө бизди мажбурлады. Издей келгенде, мында салттуу эмес жаңыча технологиялардын бири-интерактивдик метод болуп чыкты. Бул метод өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында бир топтон бери колдонулуп келаткан, практикада сыноодон өткөн, өзүнүн турмушка жөндөмдүүлүгүн көп жагынан далилдеген популярдуу метод болуп эсептелет» деп [2, 3, 79.] баса белгилейт.

Окумуштуу Бекбоев өзүнүн эмгегинде инсанга багыттап билим берүүгө багыт алуу натыйжалуу боло тургандыгын белгилейт [3, 383. ]. Окуучуга билим жана тарбия берүүнү түп тамырынан инновациялоо зарылдыгы бекем окуу регламенттештирилген системасынан вариативдүү, блоктук-модулдук, контексттүү, ж. б. окутуу системаларына өтүүгө жол ачуу, ар бир окуучунун өз алдынча билимин көтөрүүгө, өзүн-өзү окутууга багыт алуунун негизинде «Мугалимдин окуучусу менен болгон мамилесин өзгөртүүгө, кызматташуунун мүнөзүн жаңылоого психологиялык–дидактикалык жактан даярдык керектиги байкалды» [5, 121-122.].Окуу процессинде мугалим менен окуучунун ортосундагы психологиялык мамиленин жаңыруусу сабакты уюштуруудан баштап, толук аякташына чейинки кырдаалды башкарып турган психо-дидактикалык принципти биринчи орунга коет. Окуу процессинде мугалим менен окуучулардын психологиялык жактан аракеттенүүсүн жана инсандык касиеттеринин жетилүүсүн жөнгө салуучу төмөнкүдөй жагдайлар болуп саналат.

***Чеберчилик*** (функция)**:** сунушталган билимди кабыл алуудагы чыгармачылык ишмердүүлүк. Чеберчилик – окуу процессинде мугалимдин эӊ жогорку даражага жетүүсүн уюштура билүүсү, натыйжалуу иштөөсү. “Чеберчилик – өтө бийик даражада тынымсыз өркүндөтүлгөн окутуу жана тарбиялоо искусствосу” (Педагогикалык энциклопедисы.72). Бул ишмердүүлүккө мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери маселени чечүүгө, изилдөөгө багытталып, натыйжада ар бир окуучунун өзүнүн билим алуусуна карата жоопкерчилиги жогорулап, окуу материалын өздөштүрүүлөрү жакшырат. Мугалим биринчи кезекте окуу процессин уюштуруучу окуучулар үчүн (фасилитатор) насаатчы, кеңешчи катары окуучуларга көмөктөшүп, жагымдуу педагогикалык жагдай, шарт түзүп, окуучулардын инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө багыт берип, билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ болуусуна өбөлгө түзөт. Мугалимдин эӊ маанилүү функциясы – окуучулардын өз алдынчалыгына жана демилгесине колдоо көрсөтүүчү болуп саналат. Сабактын жаңыланып турушу өзгөчө окуучулардын ички кызыкчылыгын ойготуп, стимул пайда кылуу үчүн ар кандай педагогикалык жана психологиялык чеберчиликтерди чыгармачылык менен колдонууга, өздөштүрүлүүчү материалдын көлөмүнө жана мүнөзүнө туура келүүчү сабактын ар бир этабында натыйжага жетүү үчүн мугалимден уюштуруучулук-педагогикалык ишмердиги талап кылынат.

***Кызыкчылык*** (мотивация): окуу процессиндеги окуучунун билимди өздөштүрүүсүн шыктандыруучу ишмердүүлүк. "Катардагы мугалим - айтып берет. Жакшы мугалим – түшүндүрөт. Алдыңкы мугалим – көрсөтүп да берет. Улуу мугалим – шыктандырат". ( Уильям Артур Уорд). Шыктандыруу – бул кызыгуунун жогорку баскычы.Мындай ишмердүүлүккө сабактын максаты, милдети, кыйынчылыгы, кызыктуулугу, керектиги, түшүнүктүүлүгү, жаңылыгы, сырдуулугу менен окуучуларды сабакка тартып алууга зарыл болгон мотивдер, окуучу үчүн баалуу кызыкчылыктар кирет. Шыктандыруу – адамдагы рухий, эмоциялдык психологиялык абал. Анда сезим, көңүл, маанай, жан дүйнө көтөрүңкү жогорку абалда болуп, максатка жетүүгө, кыйынчылыктан, тоскоолдуктан өтүүгө адам дилгирленип, аң-сезимдүү даяр турат. Сабак окуучу үчүн жөн эле билим, тарбия ала турган убакыт эмес, өзүнүн сезим, ой-толгоосу активдүү иштеп, окуучуну ойлонтуп, кыйналган көп суроолорго жооп ала турган учур болуусу керек. Сабакта мугалим менен окуучунун кызматташуусунда мугалимдин ар бир окуучуга карата жеке психологиялык мамиле жасоосу ийгиликке жетүүнүн каражаты. Окутуунун мотиви: *өз алдынча изденүүнү сезүү* (өзүн окуу процессине активдүү катышуучу катары сезүү), *тандоо эркиндигин сезүү, жетишкен ийгиликти сезүү*. Сабакта изденүү, таануу. аракеттенүү аркылуу окуучулар үчүн, сырдуу, жашыруун жаңылыктын ачылышы болот. Бул ачылыш: окуучулардын эмгеги, изденүүсү, аракеттенүүсү менен кубанычтуу жаңылыктын болуусу. Сабактын, теманын кыйынчылыгын, алдын ала билип, терең кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө даяр турууга кызыгуусу.

***Кайтарым байланыш*** *(рефлексия)***:**иш-аракеттер, кырдаалдар талаш маселелер жана максатка эң жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү сын пикирлерди, көз караштарды билдирүү жана алуупроцессинде психологиялык татаал кырдаалдарды жөнгө салуучу ишмердүүлүк. Мында, окуучулардын өзүн-өзү көзөмөлдөөсүнө, өзүн-өзү башкара билүүсүнө, жетишүү үчүн өз аракетине өзү талдоо жүргүзө билүү ишмердиги болуп саналат. Окуучулар жаңы алган билимдерди бекемдешет, жана мурдагы түшүнүктөрүнө жаңы түшүнүктөрдү байланыштырып, алынган маалыматтын үстүндө ой жүгүртүшөт. Мугалим окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүнө дем берет, билим берүүнүн максаттарын иштеп чыгат: окуучунун чыгармачыл аракетин колдоо, анын аракетинде турган көз караштарды барктоо, окуучунун мүмкүнчүлүгүнө, күчүнө ишенүүгө шарт түзүү, ар бир окуучунун жеке ой жорум өзгөчөлүгүн табууга умтулуу, негиздөө, изилдөө, жалпылоо, анализ жүргүзүү, божомолдоо, баалоо иштерине тартат. Окуучуларды сабак боюнча терең ой жүгүртүүгө, аларды маанилүү, мазмундуу талкууга катышууга, өз көз караштарын эркин айта билүүгө көнүктүрөт жана ага мүмкүнчүлүк түзөт.

«Мугалим ар бир окуучу менен кызматташууга даяр, алардын кимисинин болбосун кызыкчылыктарын эске алуу менен *толеранттуу* сапаттарды жетекчиликке алып туруучупсихологиялык мамиле керек" [4, 37-43.].***Толерантуулук (***сабырдуулук***)*** – бул бакыттын ачкычы, акылмандыктын шериги.1995-жылы 16-ноябрда ЮНЕСКО тарабынан «Сабырдуулук принциптеринин декларациясы» кабыл алынган. Бул түшүнүк маданий көп түшүнүүлүктү камсыздоочу жана коомдо социалдык бейпилдикти, туруктуулукту сактоого мүмкүндүк берүүчү эң маанилүү принциптердин бири катары белгиленет. ***Сабырдуулук***– бул адамдын коомдун мамлекеттин ж.б. пикирин угушу жана сыйлашы, аларды түшүнүү менен кабыл алуу. Сабырдуулукту түшүнүү ар бир элде бирдей эмес, ал элдердин тарыхый шартына жараша болот. Ал адамдын ички маданиятынын бөлүгү катары үй-бүлө, окуу жайларында, коомдо тарбиялануута тийиш. Алсак анг. тилинде сабырдуулук «инсанды же буюмду каршылыксыз кабыл алуу даярдыгы, же жөндөмдүүлүгү», француз тилинде «башка бирөөнүн эркиндигин ой жүгүртүүсүн, саясий жана диний көз караштарын сыйлоо». Кытай тилинде сабырдуу болуу «башкаларга карата айкөлдүк кылуу, уруксат берүү, жол коюу. Араб тилинде сабырдуулук «кечирүү, мээримдүүлүк , боорукердик, жакшылык тилөөчүлүк, башкаларга жакындык мамиле жасоо». Ал эми фарсы тилинде сабырдуулук «чыдамкайлык, жакындык мамиле түзүүгө даярдык» деген маанилерди түшүндүрөт. Кыргыз элинде төмөндөгүдөй макалдар бар: «Сабырдуу болсоң озоорсуң, сабырсыз болсоң осолсуң», «Сабырдын түбү сары алтын».

Сабырдуу токтоолук, чыдамдуулук, кандайдыр бир иште өзүн-өзү токтото билгендик, кандайдыр бир кыйынчылыкта кайрат кыла билгендик. «Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калаар уятка» сабыр кыла билген адам токтоолук менен келечектеги максаттарын, ойлогон жакшы ойлорун ишке ашырат.

Педагогикалык кызматташтыктын негизин мугалим менен окуучунун бирге аракеттенүүсү, бири-бирин түшүнүүсү, ишенүүсү, мамилелер пикирлешүү түзөт. Кызматташтык – бул баарлашуу, байланыш түзүү, бирге аракеттенүү жана иштөө. Азыркы учурдагы педагогикалык кызматташтыктын эки стратегиясы белгиленген: ***кооператив*** (биригүү) жана ***конкуренция*** (атаандашуу). Кооператив кызматташтыгы – бул коюлган максатка жетүү үчүн керектүү кызматтарды натыйжалуу түрдө көрсөтүүгө багытталган ар бир окуучунун колунан келген салымын жалпы ишке кошуу болуп эсептелет. Бул окуу процессинде түзүлгөн мамиле – бирге чогуу аракеттенүү, бири-бирине жардам берүү, колдоо көрсөтүү, ишендирүү дегенди билдирет. Конкуренция кызматташтыгы – эрегишүү, артыкчылыкка ээ болуу үчүн жүргүзгөн иштер. Атаандашуунун оң жагы – жакшы ийгиликтерге жетишүү, көбүрөөк иштеп, аракеттенип, жеңиштерге ээ болуу. Педагогикалык процессте педагогикалык кызматташтык *коммуникативдик* байланыш аркылуу иш жүзүнө ашат.

***Коммуникативдик*:** ар бир окуучунун келечекте коомдун толук кандуу инсан катары калыптануусун, коомдун татыктуу атуулу катары өсүп, жетилүүсүн камсыз кыла турган ишмердүүлүк. Бул өзгөчө билим берүү процессин уюштуруунун жана окууга шарттарды түзүүнү талап кылат. Мындай учурда окуучулар практикалык жана социалдык, өзөктүү компетенттүүлүккө ээ болууда башка окуучулар жана мугалим менен мамилелешүү процессинде өзүн-өзү, коомду, дүйнөнү таанып билүүдөгү белгилүү ыкмалардын системасына ээ болот. Окуу процессинде инсан аралык бири-бири менен пикирлешүүдөгү, мамиле түзүүдө, өз оюн жеткире билүүгө, өз көз карашын сабырдуулук менен далилдөөгө, маданияттуу сүйлөшүүнүн ченемдерин сактоого багытталган мамиле болуп саналат. Азыркы коомдо жашап турган адамды өз чөйрөсү менен карым-катнаш жасоону үйрөтө турган билим берүүнүн өзгөчө тармагы болуп саналат. Педагог окумуштуулардын көпчүлүгү "*Коммуникативдүүлүктү* окуучуга билим берүүдөгү негизги компетенциялардын бири катары белгилешет" [1, 12-13, 568.].

Коммуникативдүүлүк окуучуга билим берүүдөгү негизги компетенциялардын бири катары окуучуларды кырдаалга жараша сүйлөшүүгө үйрөтөт; дискуссиялык сабактарга кызыгуусу артылат: сүйлөө маданиятын өркүндөтүүгө багыт алат; сүйлөөчүлөрдүн пикирин анализдеп, аларды баалоого үйрөнөт; башка ойлорго салыштырмалуу өз пикирин жактоого үйрөнөт. Дж.Равен: " Ар кимдин «ички дүйнөсүн» ачып чыгууга көз каранды болгон абал *компетенттүүлүк* катары каралышы керек, адамдын сүйлөө жөндөмдүүлүгү тукумкуучулук мүнөзгө ээ, ойлоонун индивидуалдуу өзгөчөлүгү, шык-таланты, жөндөмдүүлүгү, илим-билими боюнча белгилүү бир тармакка карай ынтазарлыгы сабакта коммуникативдүүлүктүн субъективдүү мүнөзүн аныктап, ал билим, билгичтик жана көндүм катары окутуу процессинде компетенттүүлүктү калыптандырат" - деп белгилейт [7, 280.]. Компетенттүүлүктү калыптандыруу ар бир окуучунун сабакта билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болууда ар кандай психологиялык кыйынчылыктарды жеңүүсү, теманы өздөштүрүүдөн ырахат алуусу, тапшырмаларды аткарууда эрктүүлүгү, чечкиндүүлүгү сыяктуу коммуникативдүү байланыштын мазмунун чагылдырат. Кыргыз адабиятындагы майдан темасындагы поэмаларды окутууда психологиялык кырдаалдарды аныктап, ар бир окуучунун кызыгуусун билүү менен бирге алардын ар бирине психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша мамиле кылууга мугалимди милдеттендирет. Мугалим зарыл маалыматтарды берүүдөн тышкары окуучулардын билимин өркүндөтө турган ар кандай чыгармачылыкка түртө турган *интеллектуалдык ишмердикти* «чыгармачыл оюндарда» колдонгону туура. Мисалы,

- Тапшырмалардын схемасын табуу же кроссворд түзүү;
- Салыштыруу диаграммасын жана концептуалдык карта түзүү;
- Кырдаалдык окуяларды сүрөттөө чеберчилигин калыптандыруу;

- Жупташып таблицалар түзүүгө үйрөтүү;
- Кластер чийүү, эки бөлүктүү күндөлүк түзүү;
- Дил баян, эссе аркылуучыгармачылыксынакуюштуруу.

Инновацияга умтулган мугалимдин жан дүйнөсү терең ***гуманизмге***ээ болушу зарыл. Окуучуларга өзүнүн мээримин төгүп, алардын ар бири менен сыймыктанып, психологиялык жактан түзүлгөн оор кырдаалдарды көтөрүп, окуучунун жетишкен ийгилигине кубанып, ар бир окуучунун ички жан дүйнөсү менен бирге, гуманизмдин бийик касиеттерин боюна сиңиргенде гана инновациялык сабактарда жараткан ийгиликтери толук мазмунга ээ боло тургандыгы аныкталды.

**Адабияттар:**

1. Андреев, В.И. Педагогика творческого саморазвития. Инновационный курс.Книга 1. Казань.:Изд-во Казанского университета, 1996. -2, 13, 568
2. Байгазиев, С. Окутуунунинтерактивдүү методу. С.Байгазиев-Бишкек: Учкун,1993. -3, 79 б.
3. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Бишкек: Бийиктик, 2011.-383
4. Бондаревская, Е.В. Педагогическая культура как общественная и личностная ценность.М.: Педагогика. - 1999. №3. -37 - 43 с.
5. Зеер, Э.Ф. Профессиональное образование как фактор развития личности Психология профессионального развития. - М., 2006. – -121 -122 с.
6. "Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы. - Бишкек, 2013.
7. Равен, Дж. Компетентность в современном обществе – М.:2002. -280с